

American University of Central Asia

# САПАТТУУ БИЛИМ АЛАМ ДЕСЕҢ, ЖМАга КЕЛ!

Борбор Азиядагы Америка университетинин алдында түзүлгөн Жаңы муун академиясы жагымдуу жаңылыгын бүтүрүүчүлөргө маалымдайт. ЖМА 2013-2014-окуу жылында “МИНА” корпорациясынын каржылоосу менен элеттин жана борбордун 70 бүтүрүүчүсүн акысыз окууга кабыл алуу этабын баштоо алдында турат.

Борбор Азиядагы Америка университети акыркы мезгилде көпчүлүк окуучулардын жана бүтүрүүчүлөрдүн кыялына айланууда. “*БААУдагыдай сапаттуу билим алгыбыз келет. Бирок окуу акысы кымбат*” дегендерди четтен тапса болот. Эми БААУ окууга жана сапаттуу билимге умтулуп, каржы жагынан кыйналган бүтүрүүчүлөргө экинчи жылы да акысыз билим алууга мүмкүнчүлүк түзөт. Ошондой эле ЖМА бир гана окуу акысын камсыздабастан, студенттин тамак-ашын, жатаканасын да төлөп, мыкты шартта билим берет.


Мындан сырткары ЖМАга кабыл алынган студенттер бир гана окуу менен чектелбестен, акысыз ийримдерге, кошумча сабактарга катышып, бош убактысын пайдалуу өткөрүүсүнө ЖМА кепилдик берет. Буга 2012-2013-окуу жылына кабыл алынган 70 студент далил. Кыргызстандын ар бир булуң-бурчунан келген ЖМАнын 70 студенти “*академияга келгенден бери күндөр тез өтүп жатат*” дешүүдө. Ар бир күнүн мүнөтүнө чейин санап, убактыларын текке кетирбей өткөргөн студенттер бул академияда 3 айдан бери бири-бири менен чогуу жүрүп, бир үй-бүлөдөй болуп калышкан.

ЖМАнын студенттери жана кызматкерлери 2013-2014-жылкы окуу жылына бүтүрүүчүлөрдү эмитен даярданууга чакырышат. Кабыл алуу 2013-жылдын апрель айында токтойт. Мыкты студенттик топ, Борбор Азиянын эң алдыңкы окутуучулары, алдыңкы технологиялар менен жабдылган окуу куралдары студенттерге сапаттуу билим алуу үчүн мүмкүнчүлүк түзөт. Андыктан макаланын төмөн жагында жазылган дарек менен БААУда окууну каалагандар байланышып, керектүү документтерди топтоого шашылсаңыз болот!

**Академиянын студенттери өз кызыкчылыктарын гана эмес, өлкөгө да пайда алып келүү үчүн ишембилик сыяктуу бир канча акцияларды уюштурушууда.**



**Студенттер алдыңкы жабдыктарды, электрондук китепкананы колдонушуп, бекер интернет менен пайдаланышат.**





**Студенттердин ар бир мүнөтү баалуу. Бош убактыларында спорт менен машыгып, өздөрүнүн башка да талантын көрсөтүү үчүн кечелерди уюштурушат.**

Бишкек шаары, Абдумомунов көчөсү-205.
Тел.: (0312) 66-11-13, (кош.: 249)
www.nga.auca.kg nga@mail.auca.kg